УДК: 37.013.73
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-428-433

**Кочкорова Д.А.**
филос. илимд. канд., доц.
Ош мамлекеттик университети
dkochkorova@oshsu.kg
**Кочкорова Д.А.**
канд. филос. наук, доцент
Ошский государственный университет
dkochkorova@oshsu.kg
**Кочкорова Д.А.**
Candidate of Philosophical Sciences, Associate Professor
Osh State University
dkochkorova@oshsu.kg

## БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК, УЛУТТУК ЖАНА ИНДИВИДУАЛДУУЛУКТУН КАТНАШЫ

## СООТНОШЕНИЕ ОБЩЕЧЕЛОВЕЧЕСКОГО, НАЦИОНАЛЬНОГО И ИНДИВИДУАЛЬНОГО В ОБРАЗОВАНИИ

## CORRELATION OF UNIVERSAL, NATIONAL AND INDIVIDUAL IN EDUCATION

**Аннотация:** Макалада автор ааламдашуу доору билим берүү менен тарбиялоого коюп жаткан талаптарды көрсөтөт. Азыркы постклассикалык эмес философиядагы адам болмушун татаал субъект катары түшүнүү билим берүүнүн мазмунун аныктоодогу парадигмалык негиз экендигин белгилейт. Автор учурдагы билим берүү философиясы сунуштаган билим берүү моделдеринин ичинен гуманисттик моделге ыктаган позицияны тутунат. Билим берүүнүн мазмунундагы жалпы адамзаттык, улуттук жана индивидуалдык жактардын айырмасы жана айкалышын көрсөтүүгө аракет жасайт.

**Негизги сөздөр:** билим берүү жана тарбиялоо, билим берүү философиясы, билим берүүнүн мазмуну, инсан, инсандын калыптанышы, адамзаттык, улуттук жана индивидуалдуулук, баалуулуктар, гуманизм.

**Аннотация:** В статье автор выявляет основные требования к образованию и воспитанию, которые сформировались в эпоху глобализации. В современной постнеклассической философии понимание человеческого бытия как сложного субъекта является парадигмальной основой определения содержания образования. Из предложенных современной философией образования моделей образования автор занимает позицию гуманистической ее модели. Автор пытается определить различия и сочетания общечеловеческих, национальных и индивидуальных аспектов в содержании образования.

**Ключевые слова:** образование и воспитание, философия образования, содержание образования, личность, формирование личности, общечеловеческое, национальное и индивидуальное, ценности, гуманизм.

**Annotation:** In the article, the author shows the main requirements for education and upbringing imposed by the era of globalization. In modern post-non-classical philosophy, the understanding

of human existence as a complex subject is the paradigmatic basis for determining the content of education. Of the models of education proposed by modern philosophy of education, the author takes the position of its humanistic model. The author tries to identify the differences and combinations of universal, national and individual aspects in the content of education.

**Keywords:** Education and upbringing, philosophy of education, content of education, personality, personality formation, universal, national and individual, values, humanism.

Ааламдашуу жараяны коомдогу терең өзгөрүүлөр менен катар, маданияттын бир тутуму болгон билим берүүнү да өзгөрүүлөргө дуушар кылды. Ал өзгөрүүлөр билим берүүнүн моделин өзгөртүүгө болгон аракеттер менен коштолууда. Билим берүүнүн моделинин өзгөрүшү дүйнө түшүнүүнүн жана баалулуктардын өзгөрүшүнө алып келет, же болбосо бул жараянды тескерисинче да түшүнүүгө болот. Мындай шарттарда жалпы адамзаттык, улуттук жана жеке баалуулуктардын маңызы менен мазмуну өзгөрөрү анык. Биздин изилдөө максатыбыз билим жана тарбия берүүдөгү жалпы адамзаттык, улуттук жана индивидуалдуулуктун бөлүнүшү менен айкалышынын көрсөтүү болуп саналат.

Билим берүү жана тарбиялоо жөнүндөгү философиялык ой-жүгүртүүлөргө болгон талап дайыма жашап келет. Мунсуз билим берүүнүн натыйжалуу ишке ашуусу мүмкүн эмес. Билим берүүнүн философиясы өзүнүн маңызы боюнча адамдын өнүгүшүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү илимий билимдердин системасын түзүп турганын эске ала турган болсок, ага ылайык анын максаты болуп билим берүү жараяны аркылуу инсанды калыптоонун түрдүү өңүттөрүн аныктап, анын механизмдерин көрсөтүү эсептелери анык. Коомдогу социалдык-экономикалык, саясий жана рухий өзгөрүүлөр сөзсүз түрдө билим берүү жаатындагы өзгөрүүлөрдү талап кылат. Бул болсо, өз кезегинде, билим берүүгө жаңыча ой-жүгүртүүнү жаратат. Аталган жараян билим берүүнүн социомаданий шартталышынан кабар берет.

Билим берүү философиясы өзүнө билим берүүнүн мазмунун түшүнүү үчүн зарыл болгон билимдерди камтып турат. Ал билимдер, социомаданий шартталыштын натыйжасы катары, тиешелүү доордогу инсанга билим берүүнүн максаттары менен структурасын түшүндүрүшөт, билим берүү системасынынын өнүгүү багыттарын божомолдошот жана билим берүү жараянын долбоорлоп, уюштурууга негиз болушат. Адам болмушу коомдук болмуштан ажырагыс, анын чагылышы катары жашап, татаал, чиеленишкен мазмунга ээ. Билим берүү философиясы ошол адам болмушун түрдүү көйгөйлөрү менен кырдаалдарында жашап кетүүгө жөндөмдүү инсанды калыптоонун маселелеринин үстүнөн ой-жүгүртөт. Ал эми азыркы кездеги билим берүү философиясы өзүнүн көп кырдуу жана түрдүүлүгүнө карабастан, инсанга багытталган гуманисттик концепцияны – ар тараптуу өнүккөн адамды өнүктүрүү максатын алдыңкы планга жылдырууда. Бул ааламдашуу доорунун учурдагы адамга койгон талабы.

Билим берүү философиясындагы татаал маселелердин бири – билим берүүдө жалпы адамзаттык, улуттук жана индивидуалдуулук жактардын айырмалоо жана айкалыштыруу болуп саналат. Аталган жактар адам болмушунун жалпылык, өзгөчөлүк жана жекелик жактардын биримдиги экендигин мүнөздөшөт [5, 38-б]. Мындай мүнөз өзгөчө ааламдашуу доорунда даана байкалып, билим берүүнүн бүткүл мазмунунда эске алуунун зарылдыгын улам эскертүүдө. Азыркы доор үчүн мүнөздүү болгон ачыктык, өз ара араекеттенүү жана маданияттар аралык байланыштар инсандагы жалпы адамзаттык, улуттук жана индивидуалдуулук жактардын жеке инсандык сапаттарында калыптанышын абзелдигин буйруп жатат. Адам болмушунун табиятынын жаратылыштык да, социалдык да жактары

инсандагы жогоруда белгиленген деңгээлдерди аныкташат. Инсан жекелик менен жалпылыктын, коомдук менен индивидуалдуулуктун, жаратылыштык менен социалдыктын татаал биримдиги. Ал бир эле кезде жеке индивид, индивидуалдуу, кайсыдыр топтун, социалдык жалпылыктын, улуттун ж.б. өкүлү. Адамдардын индивидуалдуулугу алардын коомдук бүтүндүктүн бөлүнбөс бөлчөгү катары маңызы менен коштолот. Коомдук бүтүндүксүз инсандын жеке индивидуалдуу, кайталангыс касиеттери курала алмак эмес. Демек, миллиондогон индивидуумдарды бириктирип турган нерсе – жалпы адамзаттык маданият. Жалпы адамзаттык маданият болсо жалпы адамзаттык биримдиктин натыйжасы. Жалпы адамзаттык биримдик бирдик баалуулуктардан турат, башкача айтканда, жалпыга бирдей кызмат өтөгөн баалуулуктардын жыйындысы. Бирдиктүү баалуулуктар гана адамзатты жалпы биримдикке бириктирет, же болбосо өз ара аракетке, мамилеге келтирет, бирин-бири түшүнүүсүнө жол ачат. Ошондой баалуулуктардын негизгилери болуп гумандуулук, адилеттүүлүк, инсандын укуктарынын корголушу, толеранттуулук, инсандын ар тараптуу өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүктөрдү түзүлүшү, инсандардын ден-соолугунун жана рухунун саламаттыгы менен бакыбаттыгы, илимий билимдер менен алдыңкы технологиялардын таралышы, курчап турган чөйрөгө жана жашоого рационалдуу мамиле жасоо ж.б. саналышат. Билим берүүдөгү жалпы адамзаттык баалуулуктарга негизденүү, демек, жаш жеткинчектердин жан-дүйнөсүнө жалпы адамзаттык баалуулуктарды сиңирүү. Аларды калыптоо өсүп келе жаткан инсандын жеке, индивидуалдуу керектөөлөрүнө шайкеш келгендей уюшулганда гана максатка ылайык болот. Адамдын потенциалын жана чыгармачылыгын өнүктүрүү боюнча дүйнөгө таанымал таасирдүү адис Кен Робинсон билим берүүнүн негизги максаттары катары экономикалык (*окуучунун экономикалык жактан жоопкер жана көз карандысыз болуусунун камсыздалышы*), маданияттык (*окуучуга өз маданиятын түшүнүп, ага ылайык баа берүүгө мүмкүнчүлүк түзүп берүү жана башка түрдүү маданияттарды үйрөнүү*), социалдык *(активдүү жана өз коому үчүн күйгөн жарандарды тарбиялоо*) жана жеке (*окуучуга ички дүйнөсү менен да, сырткы айлана-чөйрө менен да мамиле түзүүгө мүмкүнчүлүк жаратып берүү*) максаттарды белгилейт. Анын пикиринде: "Билим берүү – бир эле убакта глобалдык да, жеке адамга таандык да маселе. Эгер билим берүүнүн эн башкы максаты адамдардын акыл-эсин жана ички дүйнөсүн байытуу экенин унута турган болсок, анда жогорудагы максаттардын эч бирине жетишүүгө болбойт" [1, 78-87-бб]. Автор белгилеген башкы максат инсанда жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптоо аркылуу ишке ашат деп ойлойбуз. Албетте, жеке инсан өз индивидуалдуулугу – өзүнө таандык үмүт-максаттары, сезимдери, ой-толгоолору, жөндөмдөрү, кызыгуулары аркылуу өзгөчөлөнүп турат жана ага ылайык коомдо аракеттенет, жашоосун уюштурат. Ошол эле кезде ал адамзаттык биримдиктин бөлүгү. Анын дүйнө кабылдоосу жана аны түшүнүүсү, ага болгон мамилеси (оң же терс, кызыгуу менен же кайдыгер ж.б.) жеке инсандык өзгөчөлүктөрү аркылуу жалпы адамзаттык баалуулуктарды өздөштүрүүсүнө жараша ишке ашат.

Жалпы адамзаттык баалуулуктарды топтук баалуулуктар менен алмаштырбоо абзел. Анткени топтук баалуулуктар ошол топтун жеке, башкалардын кызыкчылыгына карама-каршы келген баалуулуктарын өзүнө камтышы мүмкүн. Азыркы ааламдашуу доорунда кайсыдыр батыштык же болбосо чыгыштык, же диний баалуулуктарды үстөм коюу менен, аларды башкаларга таңуулоо кооптуулук жаратып жаткандыгына күбөбүз. Аларды прогресс же цивилазациянын жогорку жетишкендиги же эң туура позиция катары кабылдап, жалпы адамзаттык баалуулуктарга теңдеш кароо маселени жеткилең эмес түшүнүүдөн келип чыгат. Алсак, биздин кыргыз коомунда да феминизм, ЛГБТ сыяктуу батыштык маданияттын

көрүнүштөрүн демократиянын туу чокусу катары эсептеген калпыс түшүнүү, же болбосо ар кандай эле батыштык маданиятты ыксыз сындоо, диндар адамдарды арабкул деп басмырлоо сыяктуу коомдук аң-сезимдин көрүнүштөрү коомчулукта жаатташууга себепкер болууда. Ушундай жагдайлар инсандарда жалпы адамзаттык баалуулуктардын бири болгон толеранттуулук сапатты калыптандыруу зарылдыгын туюндурат.

Бүгүнкү күндүн реалдуулугу билим берүүнүн экономикалык максатына артыкчылык бергендей элес калтырат. Өзгөчө жогорку билим берүү чөйрөсүндө келечектеги кесип ээсин калыптоодо иш билги адисти даярдоо башкы максат катары аныкталууда. Бул аракет коом менен мамлекеттин адиске койгон талабына ылайык келгендей көрүнөт. Экономикалык жактан жоопкер жана көз карандысыз болуу ааламдашуу доорунда чоң мааниге ээ экендиги талашсыз. Түпкүлүгүндө бул туура. Ошентсе да жогорку билим берүүдө бул максатка ойдогудай жетишүүгө мүмкүн болбой жатат. Алар канчалык деңгээлде терең ойлонулган сыяктанганы менен, социалдык реалдуулуктун талаптарын канааттандыра алышпай жатат. Коомдун түрдүү чөйрөлөрүндөгү өзгөрүүлөрдү эске алган билим берүүдөгү компетенттүүлүк мамиле дагы маселени чечип бергени жок. Экономикалык максаттын алдыңкы планга жылдыруунун өзү формалдуу эле мүнөзгө ээ болуп жаткандыгына күбө болуп жатабыз. Биздин пикирибизде маселенин баары билим берүүдө шаблондуулук басым кылгандыгында. Мурунку доорлор сыяктуу эле билим берүүнүн мазмунун уюштурууда жогортон келген көрсөтмөлөргө, стандарттарга таянылып, өз алдынча чечим чыгаруунун жоктугу же болбосо билим берүүнүн жыйынтыгы үчүн эмес, өз көмөчүнө күл тарткан чечимдерди чыгарылышы кадыресе көрүнүш. Өзгөчө азыркы убакта өлкөбүздөгү адис даярдоочу программалар окутула турган дисциплиналарды окуу планына киргизүүдө ушундай аракеттенишет. В.И. Слободчиков белгилегендей, “билим берүүнүн максатын анын идеалдары менен алмаштырышат, ал идеалдар азырынча максат болуп бере алышпайт, анткени алар бар болгон каражаттарга жана социалдык шарттарга ылайык келишпейт, ар кандай утопиялык долбоорлор, псевдоинновациялар ушундан келип чыгат” [3].

Учурдагы постклассикалык эмес философия адам болмушун түшүнүүдө аны философиялык ой-жүгүртүүлөрдүн борборуна коюп, татаал маңызга ээ болгон субъект катары эсептейт. Анда адамдын жашап турушу менен маңызы, өзүн идентификациялоосу, жеке адамдын башка адамдар, башка нерселер менен катнашы сыяктуу маселелер негизги орунда турат. Жеке инсандын жашап турушу менен маңызы анын обочолонгондугунда эмес, тышкы чөйрө (башка адамдар, курчап турган табият) менен катнашынын контекстинде чечмеленет. Демек, азыркы күндөгү билим берүүнүн мазмуну ушул инсандын табият менен коэволюциялык өнүгүүсүн жактаган илимий-философиялык парадигмага негизделиши керек. Жалпы адамзаттык баалуулуктардын кээ бири (мисалы, илимий билимдер менен алдыңкы технологиялардын таралышы) экономикалык максатты көздөйт. Бирок жалпы адамзаттык баалуулуктарга сугарылган инсанды тарбиялап чыгарууда билим берүүнүн экономикалык максаты эле жетишсиз. Билим берүүнүн мазмунунда базарга багытталгандык, өтүмдүүлүк аныктагыч көрсөткүчү катары иштеп жатат. Жогорудагы Кен Робинсон белгилеген маданияттык, социалдык жана жеке максаттар стандарттарда белгиленгендигине карабастан, иш жүзүндө экинчи планга, мааниси анчейин максаттар сыяктуу мамиле жасалып келет. Жогортон белгиленген стандарттар адамдын маңызын түшүнүүдө социоцентризмге жана редукционизмге ыктаганы байкалат. Ага ылайык жеке инсан коомдун мүчөсү (гана) болуп, анын билиминин сапаты субъектилик-индивидуалдуу өзгөчөлүгү эске алынбаган жалпы нормалар менен ченелет, татаал түзүлүштөгү инсан жөнөкөй маңызга келтирилет. Билим берүү философиясындагы инсанга багытталган билим берүүнүн моделин

негиз туткандыгына карабастан, стандарттардагы адистерди даярдоодогу талап – белгилүү бир зарыл болгон билгичтик, жөндөмдүүлүк компетенцияларды калыптоо болуп, келечектеги адис иш жүзүндө зарыл компетенциялардын жыйындысы болгон, индивидуалдуулуктан ажыраган буйрук аткаруучу инсанды (машинаны?) элестетет. Жеке инсанды анын жаратылыштык, социалдык жана рухийлүүлүктүн татаал биримдигиндеги субъект катары түшүнүү менен билим берүүнүн мазмунун аныктоо оң натыйжасын берет деп ойлойбуз.

Атуулдук коомдогу инсандын максаты – өзүнүн жана ага жанаша жашаган, өз ара мамиле түзгөн инсандардын да кызыкчылыктары менен каалоолору ишке ашкан, бакыбат жашоо. Билим берүү философиясындагы гуманисттик модель бир чети идеалдаштырылгандай туюлганы менен, бүгүнкү күндүн реалдуулугу инсандардан тынчтыкта бакыбат жанаша жашоосун талап кылат. Ал үчүн инсан ар тараптан өнүккөн, билимдүү, адамгерчиликтүү болуп, өзүнүн жана башка маданияттарды түшүнүп-биле алышы керек. Келечектеги адис да иш билгичтиги жана кесиптик жөндөм-көндүмдөрү менен бирдей эле инсан катары ушундай сапаттарга ээ болушу зарыл. Ошондо гана адистин жана инсандардын ортосунда өз ара сый-урматка, түшүнүүгө негизделген эки тараптуу ийгиликтүү мамиле орнойт. Ал сапаттарды кесипке даярдоочу дисциплиналар аркылуу эле калыптоо мүмкүн эмес. Инсанды татаал субъект катары түшүнүүгө негизделген, чындап анын ар тараптуу өнүгүүсүн көздөгөн билим берүү өзүнүн мазмунунда андагы индивидуалдуулукту (жеке каалоолору, элестөөлөрү, кызыкчылыктары, жөндөмдөрү), жалпы адамзаттык баалуулуктарды (кызыкчылыктарды) жана улуттук өзгөчөлүктөрдү айкалыштырат.

Инсан абстракттуу түшүнүк эмес, ал өзүнө таандык физикалык жана рухий сапаттарга ээ, реалдуу доордун, социалдык чөйрөнүн, улуттун өкүлү. Ага билим берип, тарбиялоо да анын реалдуу жашоосуна, өзгөчөлүгүнө ылайык уюштурулушу керек. Инсандын социалдык-маданий өнүгүшү жана баалуулуктарды түшүнүү сезиминин калыптанышы белгилүү бир менталдуулуктун – элдик же улуттук таалим-тарбиянын чектеринде ишке ашат. Адам болмушунун мейкиндик-убактылык өлчөмү жеке индивидуалдуулуктан тышкары болгон маданий-тарыхый аныкталгандыкка ээ, жөнөкөйлөштүрүп айтканда, адам кайсыдыр бир элдин же улуттун өкүлү катары өзүнүн рухунда анын маданияты менен тарыхын алып жүрөт, анын руху ошол элдин менталдуулугуна карай калыптанат. Демек, инсандагы индивидуалдуулук жалпылык (жалпы адамзаттык) менен реалдуу өзгөчөлүктүн (улуттук) айкалышында калыптанат (эч бир жекеликке таандыктыксыз жалпылык болушу мүмкүн эмес). Азыркы ааламдашуу доорундагы бир жагынан бүткүл адамзаттык баалуулуктарга, анын ичинде башка элдердин маданиятын өзүнө сиңирүүгө; экинчи жагынан, улуттук маданият менен өзгөчөлүктү сактап калууга умтулуу кээде эки тенденцияны карама-каршы коюуга түртөт. Билим берүүнүн мазмунунда экөөнү айкалыштыруунун мүмкүнчүлүктөрү арбын. “Билим берүүнүн философиясы” дисциплинасын өтүүдө магистранттарга ушундай тапшырма берип көрдүк: Жалпы адамзаттык менен улуттук баалуулуктарды камтыган, окуучулардын индивидуалдык кызыкчылыктарын көздөгөн сабагыңарды сүрөттөп бергиле. Магистранттардын көбү мектептерде англис тилинен сабак бергендиктен, тил үйрөтүүдө адамгерчилик, толеранттуулук, Мекенди сүйүү ж.б. түшүнүктөрдү камтыган кыргыз элинин каада-салттарынын, оюндарынын, макал-лакаптарынын, жомокторунун ж.б.лардын негизинде түзүлгөн тексттерди окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайыктап пайдаланышкан сабактары жөнүндө айтып беришти. Демек, жалпы адамзаттык баалуулуктарды улуттук өзгөчөлүктөр аркылуу жеткирүүнүн мүмкүнчүлүктөрү зор.

Билим берүүгө карай улуттук мүнөздү эки түрдүүчө түшүнүүгө болот: биринчиси, улутка тиешелүү салттуу билимдер жан тарбия берүү жолдору. Экинчиси, бүгүнкү күндөгү кыргыз коомунун реалдуулугун эске алуу менен билим берүүнүн мазмунун аныктоо жана уюштуруу. Кыргыз элинин салттуу билимдери жөнүндө изилдөөлөр акыркы убакта бир топ. “Салттын таанып-билүүгө карай жаңыны жаратуучу өбөлгө катары түшүнүү биринчиден, салттуу билимдеги бүткүл оң жактарды таанып-билүүгө (тарыхка, педагогикага, медицинага, саясатка ж.б.) экстраполяциялоо аркылуу жаңы билимди жаратууну, экинчиден, ал билимдерди социалдык тажрыйбада колдонуу аркылуу коомдук турмуштун өнүгүшүн камсыздашын билдирет” [2, 141-б.]. Эмки кезек ошол билимдерди ыңгайына жараша билим берүүнүн мазмунуна кийирүү. Өлкөбүздөгү бардык окуу мекемелериин окуучулары үчүн окуу китептерин түзүүдө окутуу тилинен көз карандысыз аларды колдонууну колго алуу зарыл. Орус тилдүү мектептерде россиялык окуу куралдары колдонулат, аларды бүтүргөн кыргыз жаштарынан кыргыз рухун кезиктирүү өтө сейрек. Белгилүү педагог К.Д. Ушинский айткандай: “Чыныгы элдик тарбия деп элдин жашоосу менен тыгыз байланышкан жана ага ишенимдүү тирек боло алган тарбияны атоого болот” [4, 85-,].

Экинчисине кайрыла турган болсок, билим берүүнүн мазмунун уюштурууда дүйнөлүк стандарттарга курулай эле умтула бербестен, аларды эске алуу менен, алгач өлкөбүздөгү мугалимдердин потенциалын көтөрүү, үйрөтүүнү үйрөтүү жолдору аркылуу ырааттуу реформа жүргүзүү зарылдыгы турат. “Азыркы учурда билим берүү тармагында толгон токой маселелер бар, ошол эле учурда реформалык аракеттер жасалууда жана алардын дээрлик көпчүлүгү күтүлгөн натыйжаны бербей жатат. Анын негизги себептеринин бири бул системалуулуктун жоктугу. Демек, маселе жаңычыл аракеттердин болбой жаткандыгында эмес, тескерисинче бири-бири менен байланышпаган, үстүртөн жана фрагменттешкен реформалык аракеттердин чаржайыт жүргүзүлгөндүгүндө” [6, 9-10-бб].

Ошентип, азыркы ааламдашуу доорундагы өлкөбүздөгү билим берүүнүн мазмунун жалпы адамзаттык баалуулуктарга умтулуп, улуттук кызыкчылыктарды көздөгөн, жеке инсандардын кызыкчылыктары менен укуктарын коргогон, гуманизмге, толеранттуулукка, инсандын чыгармачыл өнүгүүсүнө негизделген, илимий билимдер менен алдыңкы технологияларды тараткан, улуттар аралык маданияттар аркылуу байытылган, табият менен таттуу мамиледе болууга чакырган гуманисттик нукта жаңылоо жана уюштуруу зарылдыгы эң орчундуу маселе болуп турат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кен Робинсон. Баланын жөндөмүн өнүктүргөн КРЕАТИВДҮҮ МЕКТЕПТЕР /Котор. Б. Абдуллаев, К. Мазарипов – Б., 2018. – 336 б.

2. Кочкорова Д.А. Социалдык-тарыхый таанып-билүү. – Ош: ОшМУ, 2019. – 208 б.

3. Слободчиков В.И. Инновации в образовании: основания и смысл. – URL: http://www.researcher.ru/methodics/nauka/a_1xizkd.html (дата обращения: 21.04.2018).

4. Принципы народности и православия в педагогической системе К.Д. Ушинского и развитие современного образования: материалы V Всероссийской научно-практической конференции: В 2-х ч. – Курск: Изд-во КГУ, 2001. 4.2. – 185 с.

5. Худякова, Н.Л. Философия и развитие образования: учеб. Пособие / Н.Л. Худякова. – Челябинск: изд-во ЧГПУ, 2009. – 230 с.

6. Шаматов Д. Билимге умтулуу. – Б.: 2019, – 160 б.

**Рецензент: филос. илим. канд., доц. Итигулова Ж.К.**